# صحابة النبي
## رضوان الله عليهم

# Пайгамбардын сахабалары
## (Аллах алардан ыраазы болсун)

wamy
KYRGYZSTAN OFFICE
نور وهداية
اللغة القرغيزية

الصحابي هو كلُّ من لقي النبي ﷺ مؤمنًا به ومات على ذلك، والصحابة رضوان الله عليهم تربوا في مدرسة النبوة، ونهلوا من علم النبي ﷺ

Сахаба – бул Пайгамбарга (саллаллаху алейхи васаллам) жолуккан, ага ыйман келтирип ошол абалда кайтыш болгон адам. Сахабалар, (Аллах алардан ыраазы болсун) пайгамбар мектебинде тарбияланган жана анын илиминен сабак алышкан.

للصحابة فضل علينا، فقد سبقونا إلى الإسلام، وعلَّموا الناس دينهم، وكانوا صادقين في دينهم عبّادًا، سباقين إلى الخيرات، متراحمين بينهم

Сахабалардын бизден артыкчылыгы бар, анткени алар бизден мурда Ислам динин кабыл алышкан жана адамдарга диндерин үйрөтүшкөн. Дининде чынчыл, ибадат кылышкан, жакшылыкка жарышкан, бири-бирине кайрымдуу болгон.

في تاريخ الصحابة وسيرهم عبر عظيمة ودروس كبيرة، ينبغي أن تدرّس وتربى عليها الأجيال.

Сахабалардын тарыхында жана алардын өмүр баянында муундар изилдеп, үйрөнүшү керек болгон улуу үлгүлөр жана чоң сабактар бар. Кийинки муундарга ал үйрөтүлүп, алар ошол негизде тарбиялануусу зарыл.

قرن الصحابة خير القرون فهم أفضل المسلمين،
قال رسول الله ﷺ "خير الناس قرني ثم الذين
يلونهم ثم الذين يلونهم"

Мусулмандардын эң жакшысы болгон сахабалардын мууну муундардын эң жакшысы. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи ва саллам, айтты: “Адамдардын эң жакшысы менин муунум, андан соң кийинки келгендер, алардан соң кийинкилер».

قال ﷺ "لا تسبُّوا أصحابي فلو أن
أحدَكم أنفقَ مثلَ أُحدٍ ذهبًا، ما بلغ
مُدَّ أحدِهم ولا نصيفه"

Ага Аллахтын салам-салаваты болсун: «Менин сахабаларыма тил тийгизбегиле, Менин жаным Анын колунда болгон Затка (Аллахка) ант! Эгер силердин бирөөңөр Ухуд тоосундай алтынды садака кылса да, алардын бир ууч алтынды садака кылгандарына жана анын жарымына дагы тең келбейт."-деди.

قال ابن مسعود يصف الصحابة للتابعين: كانوا أزهد منكم في الدنيا، وأرغب منكم في الآخرة.

Ибн Масъуд сахабаларды таабииндерге сыпаттап, мындай деген: «Алар бул дүйнөдө силерден көбүрөөк захид (дүнүйө жыргалчылыгын таштаган) жана силерге караганда акыретти көбүрөөк үмүт кылышкан».

الصحابي أبو بكر الصديق رضي الله عنه: هو أول من آمن برسول الله ﷺ من الرجال، وأول الخلفاء الراشدين، سمى بالصديق؛ لأنه كان يصدِّق النبي ﷺ في كل خبر يأتيه من السماء.

Сахаба Абу Бакр Ас-Сыддык, радыяллаху анху: Ал Аллахтын Элчисине, саллаллаху алейхи уа салламга, ыйман келтирген биринчи адам жана туура жолдогу халифтердин биринчиси. Сыддык деп аталган. Анткени ал пайгамбарыбызга, с.а.в.  асмандан келген ар бир кабарга ырастап ишенчү.

الصحابي عمر بن الخطاب رضي الله عنه: لقبه النبي ﷺ بالفاروق، وهو ثاني الخلفاء الراشدين، وأول من لقب بأمير المؤمنين، كان في الجاهلية من أبطال قريش، وأشرافهم. ولاه أبو بكر القضاء في عهده، فكان أول قاضٍ في الإسلام، ولم يأته مدة ولايته القضاء متخاصمان.

Сахаба Умар Ибн аль-Хаттаб, Аллах андан ыраазы болсун: Пайгамбар, с.а.в. аны Фарук деп атаган жана ал туура жолдогу халифтердин экинчиси жана момундардын биринчи амири деп аталган. Азирети Абу Бакр аны өкүмдарлыгында казылыкка дайындагандыктан, ал Исламда биринчи казы болгон жана казылык кылган мезгилинде ага эч бир эки тараптуу араздашкандар келген эмес.

الصحابي عثمان بن عفان رضي الله عنه: كان غنيًّا، شريفًا في الجاهلية، وهو أحد العشرة المبشرين بالجنة، وثالث الخلفاء الراشدين.

Сахаба Усман бин Аффан, радыяллаху анху: Исламга чейинки доордо бай жана кадыр-барктуу болгон, бейиш менен сүйүнчүлөнгөн он адамдын бири, туура жолдогу халифтердин үчүнчүсү болгон. .

الصحابي علي بن أبي طالب رضي الله عنه: أمير المؤمنين، رابع الخلفاء الراشدين، وأحد العشرة المبشرين بالجنة، وأول الفتيان إسلامًا، ابن عم النبي ﷺ، وصهره، وأحد الشجعان الأبطال، ومن أكابر الخطباء، والفصحاء، والعلماء بالقضاء، والفتيا.

Сахаба Али ибн Абу Талиб, радыяллаху анху: момундардын амири, туура жолдогу халифтердин төртүнчүсү, бейиш менен сүйүнчүлөнгөн он адамдын бири, ыйман келтирип исламга келген жаштардын биринчиси. Пайгамбардын аталаш бир тууганы, ага Аллахтын салам-салаваттары болсун жана анын күйөө баласы, эр жүрөк баатырлардын бири, улуу дааватчылардын, чечендердин жана казылык менен фатва боюнча чоң аалымдарынын бири.

wamy
KYRGYZSTAN OFFICE
نور وهداية
اللغة القرغيزية